Кадырова Анара, Токурова Айдайкан Омурзаковна

**Адаптациялык-педагогикалык практика**
*Окуу-усулдук көрсөтмө*

*Жооптуу редактор:* А. Шерипбаев
*Техникалык редактор:* К. Кошойканов
*Корректор:* Д. Кенжебаева

Терүүгө 03.05.2015-жылы берилди.
Басууга 06.06.2015-жылы кол коюлду.
Формат 60х84 1/16. Офсет кагазы.
Офсеттик ыкмада басылды. 1,7 басма табак.
Нускасы 100
Жалал-Абад шаары,Токтогул көчөсү 20-3

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

**Жалал-Абад мамлекеттик университети**

*Филология факультети*

**Кыргыз жана дүйнөлүк элдер адабияты кафедрасы**

**КАДЫРОВА А., ТОКУРОВА А. О.**

# Адаптациялык–педагогикалык практика

Жалал-Абад – 2015

УДК 37.013 (07)
ББК 74.00
К13

*Окуу-усулдук көрсөтмө Жалал-Абад мамлекеттик университетинин филологиялык факультетинин окуу-усулдук кеңешмесинде талкууланып, ЖАМУнун методикалык кеңешинин 2015-жылдын 22-апрелиндеги №3 токтому менен бекитилип, басмага сунуш кылынды*

**Рецензент:** **Куваков Ж.** - *практика жана карьера борборунун башчысы*

**КАДЫРОВА А., ТОКУРОВА А. О.**
**Адаптациялык-педагогикалык практика учурундагы иш-аракеттер боюнча окуу-усулдук көрсөтмөлөр (кыргыз тили жана адабияты адистиктери үчүн) - Жалал-Абад, 2015**

**Окуу-усулдук көрсөтмөдө аталган адистиктин адаптациялык-педагогикалык практикасын уюштуруу жана өткөрүү, анын максаты, милдети, практиканттардын жана насаатчы-усулчулардын аткаруучу иштеринин мазмуну, студент-практиканттардын ишмердүүлүгүн баалоонун чен-өлчөмдөрү тууралуу маалыматтар камтылган.**

УДК 37.013 (07)
ББК 74.00

©ЖАГУ, 2015

Классты башкарып, окуучулар менен иштөөгө карата кеңештер: . . . . . 24
Ата-энелер жыйналышын өткөрүүгө кеңештер . . . . . 26
Насаатчылардын сабактарына катышуу жана аны талдоого кеңештер . . . . . 27
Насаатчылардын студент-практиканттарга нускамалары . . . . . 27
Адаптациялык-педагогикалык практиканы жыйынтыктоо боюнча конференция . . . . . 29
Адаптациялык-педагогикалык практиканын жыйынтыгын баалоонун усулдары . . . . . 31
Дистанттык окуу бөлүмүндө окуган студенттердин практикасын уюштуруудагы өзгөчөлүктөр . . . . . 31

## М А З М У Н У


Киришүү. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .5

**I. Адаптациялык-педагогикалык практиканын негизги милдеттери жана анда аткарылуучу жумуштар** . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .7

**II. Студент-практиканттардын үйрөнүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу ыкмалары** . . . . . . .8

1. Адаптациялык-педагогикалык практиканы уюштуруу жана өткөрүү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .10

2. Студент-практиканттар практика башталганга чейин окуп-түшүнүп, жаттап, кырдаалга жараша колдонушу ылайыктуу: . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .11

3. Кыргызстан мугалиминин анты . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .11

4. Кыргызстандын мектеп мугалимдеринин ар-намыс кодекси. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .12

5. Мугалимдерге коюлуучу инсандык жана адистик сапаттар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .14

6. Кыргыз тили мугалими кесип ээси катары эмнелерге милдеттүү? . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .14

7. Кыргыз адабияты мугалими кесип ээси катары эмнелерге милдеттүү? . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .16

**III. Адаптациялык практика мезгилинде аткарылуучу жумуштар** . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .22

Студент-практикант эсине тутууга милдеттүү: . . . . . . . . . . . .22

Студент-практикант жана бардык мугалимдер жамаатына тыюу салынат: . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .23

Окуу-процессин туура уюштурууга көмөктөшүүчү кеңештер: . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .23




## Урматтуу студент-практиканттар!

Миңдеген кесиптердин ичинен жактырып, тандаган мугалимдикке таштаган алгачкы кадамыңар менен куттуктайбыз! Бүткүл өмүрүн, жүрөгүн бирөөнүн балдарына арнаган адамдардын катарына кошулууга жасаган кадамыңар байсалдуу болсун! Студент-практиканттарды мектеп жамааты (айрыкча адис мугалимдер, окуучулар) чын дилден, жакшы маанайда тосуп алат. Алар силерди учурга шайкеш чыгармачылык жаңы ачылыштарды, жигердүүлүктү, чынчылдыкты алып келе турган, кесиптик чеберчиликтин чокусуна жетүүгө умтулган болочок мугалимдер деп түшүнүшөт.

Силер ата-эненин үч мээриминен (канынан, жанынан, сүйүүсүнөн) жаралган ыйык перзенттерин билимдүү, тарбиялуу кылуу милдетин аткаруу жолуна түштүңөр. Мындан мугалимдик кесиптин оор жана татаал, бирок ардактуу, сыймыктуу экендигин сезесиңер. Бул кесип силерден кажыбаган кайраттуулукту, майтарылбаган эрктүүлүктү, чымырканган эмгекчилдикти, күн нурундай жылуу мээримди, боорукерликти, эң башкысы жогорку кесипкөйлүктү талап кылат. Мына ошондо гана ата-эне силерге ишенип, эртеңки бактылуу өмүр-жашоосун улантуучу уул-кыздарын колуңарга карматат. Окуучулар сыйлап, силерге окшошууну каалашат, силердин сабагыңарды сүйүп окушат.

Силерди азыр кантсем сабагымды кызыктуу, жугумдуу, кайтарымдуу кылсам болот деген бир топ суроолор түйшөлтүп жаткандыгы ынанымдуу. Анткени силер мугалимдик кесиптин миң кырдуу, миң сырдуу, түмөн түйшүктүү тагдыр жолуна эми башбагып отурасыңар. Кандай максаттарды койсоңор, окутуунун кандай каражаттарын, ыкмаларын пайдалансаңар силер да, окуучулар да, ата-энелер да, мамлекет да өздөрүнүн иш-аракеттеринен канааттануу алат, канткенде педагогдук укук жана милдеттерди, кесиптик маселелерди чечүүгө болот деген суроолоруңарга жоопторду колуңарда турган окуу-усулдук көрсөтмөдөн табасыңар.

Мугалимдик кесипке киришүү жолуңарга чыгармачылык ийгилик каалайбыз, ардактуу студент-практиканттар!

***Авторлор***




***Студенттердин дебюттук сабактары***






*Форма №2*

*Студент практиканттын өзүн-өзү баалоо баракчасы*
*(жума сайын)*

Практиканттын аты, теги ______________________________

1. Мен практикант катары күндөлүк тартипти сактадым (сактаган жокмун):

______________________________________________________
______________________________________________________

2. Бул жумага бөлүнгөн иш-аракеттерден төмөнкүлөрдү аткардым:

______________________________________________________
______________________________________________________
______________________________________________________
______________________________________________________
______________________________________________________

3. Төмөнкү иш-аракеттер аткарылбай калды:

______________________________________________________
______________________________________________________
______________________________________________________
______________________________________________________

4. Жетишкендиктерим жана кыйынчылыктарым:

______________________________________________________
______________________________________________________
______________________________________________________
______________________________________________________

5. Практикамдын бул жумасын төмөндөгүдөй баалайм:

______________________________________________________
______________________________________________________
______________________________________________________
______________________________________________________

практика учурунда аткарган иштеринин сапатына жана мазмунуна, даярдап келген документацияларына (отчёт, мүнөздөмө, күндөлүк ж.б.) жараша баалашат.

*Форма №1*

*Кайтарым байланыш (күн сайын)*

1. Практикант бул күнү сен өзүңө кандай тажрыйба алдың?

_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________

2. Кандай кыйынчылыктар болду ?

_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________

3. Суроолоруң жана сунуштарың :

_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________

Практиканттын аты, теги:

_______________________________________________



# КИРИШҮҮ

Тарыхтын ар кандай коомдук түзүлүшүнүн окуу-тарбия процесстерине талдоо жүргүзгөндө канткенде билим берүү мекеме уюмдарын (ЖОЖдордо, мектептерде, гимназияларда, колледждерде, интернаттарда, балдар бакчасында ж.б.) жакшыртып, учурдагыдан билимдүү, тарбиялуу адамдарды калыптандырууга болору тууралуу окумуштуулар тынымсыз иликтөө жүргүзүп, түрдүү формадагы билим-тарбия берүүнүн моделдерин ойлоп табышкан жана турмушта колдонуп келе жатышат.

Европа мамлекеттеринде аппробацияланып, натыйжалуу билим-тарбия берүүнүн модели катары сыналган эки баскычтуу (бакалавр, магистратура) окутууга Жалал-Абад мамлекеттик университети 2011-жылы өттү. Ушундан улам бир топ нормативдик документтер жаңыланып жатат жана жаңылануда.

Академиялык даражасы бакалавр, багыты - 550300, филологиялык билим берүү боюнча “кыргыз тили жана адабияты” багытынын, дистанттык окуу бөлүмүнүн окуу планында адаптациялык-педагогикалык практика 2-курстун 4-семестринде үч жумалык мөөнөттө өткөрүлөт. Адаптациялык-педагогикалык практика учурунда ар бир студент бир күндө 6 саат мектепте болот. Убакыт нормасында практиканы жетектеген усулчуларга төмөнкүдөй чен-өлчөмдөгү сааттар бөлүштүрүлгөн: мектептеги адис мугалимге жумасына 1 саат (1 студентке), ЖОЖдун адис- усулчусуна (насаатчыга) бир жумага 4 саат (бир студентке), ал эми дистанттык окуу бөлүмүндө окуган студент үчүн жумасына 0,3 саат (бир студентке). Практика үчүн убакыт нормада көрсөтүлгөн ушул сааттар толугу менен үнөмдүү жана натыйжалуу пайдаланылбагандыктан, программадагы максаттар жеткиликтүү аткарылбай келе жатат.

Адаптациялык-педагогикалык практика келечектеги адистик жактан жогорку деңгээлдеги тилчи жана адабиятчы мугалимде алгачкы педагогикалык көндүмдөрдү жаратуучу практика болуп саналат. Тилекке каршы, студент-практиканттар адаптациялык-педагогикалык практиканын маани-маңызын, теоретикалык негиздерин, билим-тарбия берүүчү жана өнүк-

түрүүчү мүнөзүн жеткиликтүү түшүнө бербейт. Бул практикада студент-практиканттар өздөрүнүн предмети (кыргыз тили жана адабияты) боюнча сабак өтүүгө укуктуу эмес. Себеби алар кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун усулу курсу менен тааныштыгы жок болгондуктан, жетиштүү даражада мугалимдик жөндөмдөргө ээ болушпайт. Ошондой эле сабактын түрлөрү, структурасы, сабак учурунда окутуу жана тарбиялоо проблемаларынын чечилиши ж.б. ушул сыяктуу маанилүү маселелер да милдеттүү түрдө кеңири талкууланбайт. Практиканттар жөн гана сабактарга катышып байкоо жүргүзүү менен гана чектелишет. ЖАМУнун практикалар боюнча жобосуна ылайык ЖОЖдун адис-усулчусу жана мектептин тажрыйбалуу усулчусу кеминде 2-3 жолудан көрсөтмөлүү сабак өтөт. Студент-практиканттар насаатчылардын өткөргөн сабактары аркылуу сабактын формаларын, структуралык түзүлүшүн, типтерин, түрлөрүн, анда колдонулган усул, ыкмаларын үйрөнүшөт жана педагогикалык көндүмдөргө ээ боло башташат.

Студент-практиканттар адаптациялык-педагогикалык практиканы жеткиликтүү, өз деңгээлинде өткөрүүсү үчүн анын жумушчу программасы, окуу-усулдук көрсөтмөсү иштелди. Окуу-усулдук көрсөтмө практикант-студенттерге жакындан жардам берет деген ишеничтебиз.



3. Күндөлүк - (0-30 баллга чейин)
4. Башка көрсөткүчтөр - (0-20 баллга чейин)
5. Жалпы балл - (0-100 чейин)

## АДАПТАЦИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫН ЖЫЙЫНТЫГЫН БААЛООНУН УСУЛДАРЫ

- практика процессинде студенттерге байкоо жүргүзүү жана алардын иштеринин айрым түрлөрүнүн сапатын талдоо;
- мектеп мугалимдери, класс жетекчилер, окуучулар менен аңгемелешүү, мугалимдер (насаатчылар), класс жетекчилер тарабынан жазылган студенттердин мүнөздөмөсүнө талдоо;
- студенттин өзүн-өзү практикалык ишке даярдык деңгээлин, өз ишинин сапатын баалай билиши;
- практика боюнча студенттин документациясынын (жеке иштери, күндөлүгү, түрдүү иш чаралары, иш отчёту, класстан тышкаркы иштердин сценарийи, окуучуларды психологиялык-педагогикалык үйрөнүү материалдары ж.б.) жыйынтыгы.

## ДИСТАНТТЫК ОКУУ БӨЛҮМҮНДӨ ОКУГАН СТУДЕНТТЕРДИН ПРАКТИКАСЫН УЮШТУРУУДАГЫ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

Адистиги боюнча иштеп жана сырттан окуп жаткан студент практиканын бардык түрлөрүнөн бошотулат. Анын практикасын баалоо үчүн төмөнкү документтер гана талап кылынат:

1. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү;
2. Иштеп жаткандыгын тастыктаган тактама;
3. Мектеп администрациясы тарабынан студентке берилген мүнөздөмө

Ал эми адистиги боюнча иштебеген студенттер практиканы күндүзгү бөлүмдүн студенттери үчүн иштелип чыккан практиканы уюштуруу жана жүргүзүү тартибине ылайык университет тарабынан көрсөтүлгөн мектепте толук өтөөгө милдеттүү. Алардын практикасын кафедранын усулчулары

**Конференцияда 2 багыт жөнүндө сөз болот:**

**1. Тажрыйба алмашуу:** Студенттердин практика учурунда жетишкен ийгиликтери жана кемчиликтери, урунттуу окуялар, көйгөйлүү жагдайлар эскерилет, алар боюнча талкуу жүрөт, ар бир мектептен практиканттар чыгып, практикадан алган таасирлер тууралуу ой бөлүшүшөт.

**2. Отчёттору жана презентациялары** : Ар бир студент-практикант жыйынтыктоочу конференцияга чейин ЖАМУнун практикаларды өткөрүү боюнча жобосунун талаптарына ылайык мектептен даярдап келген документтерин өзүнө бекитилген усулчу жетекчисине тапшырат.

**1. Практиканын жүрүшү жана жыйынтыгы боюнча отчёт;**

**2. Мектеп тарабынан студент-практикантка берилген мүнөздөмө;**

**3. Практиканттын күндөлүгү.**

Конференциянын жүрүшүндө ошол документациялардын, уюшулган көрсөтмө куралдардын көргөзмөсүнүн, студенттер аткарган ар кыл тапшырмалардын презентацияларынын жыйынтыгы чыгарылып, практиканттардын баалары коюлат.

Адаптациялык-педагогикалык практиканын жыйынтыгын баалоонун негизги чен-өлчөмдөрү:

- Кесиптик педагогикалык билгичтиктердин калыптануу деңгээли;
- Студенттердин өздөрүнүн практикалык ишмердүүлүгүн (анын максаттары, милдеттери, мазмуну, усулдары ж.б.) теориялык жактан аңдап билүү деңгээли;
- Келечектеги мугалимдердин профессионалдык багыттуулугунун, социалдык активдүүлүгүнүн (педагогикалык кесипке кызыгуусу, балдарга болгон сүйүүсү, жумушка жоопкерчиликтүү жана чыгармачыл мамиле жасоо) деңгээли;

ЖАМУнун окуу жараянында студенттердин иш- аракеттерин баалоо модулдук-рейтингдик технологиянын негизинде жүргүзүлгөндүктөн, практика төмөндөгүдөй чен-өлчөм менен бааланат:

1. Отчёт - (0-30 баллга чейин)
2. Мүнөздөмө - (0-20 баллга чейин)



# I. АДАПТАЦИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫН НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА АНДА АТКАРЫЛУУЧУ ЖУМУШТАР

**Адаптациялык-педагогикалык практика деген эмне?** Окуу планы жана окуу программанын негизинде тандаган адистиктин сырларын өздөштүрүү максатын көздөп, белгилүү бир жайда (мектеп, ишкана ж.б.) кесипкөй адамдардын жетекчилиги менен уюштурулган (бирок мурда эч качан жасап көрбөгөн ишти эмприкалык билимдерине таянып) иш жараяны (Кыргызча-орусча сөздүк, 623-бет). Тактап айтканда, тандаган кесиптин сырларын өздөштүрүүгө ташталган биринчи кадам.

Адаптациялык-педагогикалык практикадан өтүүчү студент-практиканттарды ЖОЖдун филолог-усулчусу менен мектептен убактылуу кызматка алынган адис мугалим-усулчу жетектейт. Бул адис-усулчу –практикант – адис- усулчу (үйрөтүүчү-үйрөнүүчү-үйрөтүүчү) модели менен ишке ашырылуучу иш-аракет. Б. а. үйрөтүү да, үйрөнүү да бир эле убакытта ишке ашат. **Студент-практиканттар педагогикалык көндүмдөрдү эки жол менен үйрөнүшөт**: таанып-билүү жана жүрүм-турум аркылуу. **Таанып-билүү багытында** студент-практикант өзүнүн аң-сезиминдеги мугалимдик кесип жөнүндөгү маалыматтарды мектептеги жамааттын педагогдук иш- аракеттери менен салыштырып талдайт, жалпылап таанийт. **Жүрүм-турум багыты** боюнча мектеп жамаатынын мугалимдик этикасына байкоо жүргүзүп, ага өз алдынча талдоолорун, аныктамаларын берет. Натыйжада кайсы бир көрүнүштөргө, иш-аракеттерге кандайдыр бир реакцияларды жасайт.

**Көрүнүштөр, иш-аракеттер кайта-кайта кайталанып турса**, алар кайталанган сайын шайма-шай келген **реакция жасалып турса**, анда реакция көрүнүштөр менен иш-аракеттердин көзөмөлүнөн чыгып кетпеген болот. Бул көрүнүштөр менен иш- аракеттердин көзөмөлү **төрт бөлөк педагогикалык көндүмдөрдүн** (билгичтиктин) өздөштүрүлүшүнө шарт түзөт: **айрымалоо көндүмдөрү** (бир көрүнүштү башкалардан

өзгөчөлүгүн айрып таануу жөндөмүнө ээ болуу); **жалпылаштыруу көндүмдөр**ү (башка-башка айкалыштарда берилген окшош көрүнүштөрдүн бирдей реакцияларды туудурушун аныктоочу жөндөмдүүлүктөргө ээ болуу**); байланыштыруу көндүмдөрү** (бир реакцияны бир көрүнүш менен, же бир нече көрүнүштөрдү бир реакция менен байланыштыруу жөндөмдүүлүгүнө ээ болуу**); бириктирүү көндүмдөрү** (окуучуларды бир проблеманы чечүү үчүн, же бир ишти аткаруу үчүн баш коштуруу жөндөмдүүлүгүнө ээ болуу).

Практика студент-практиканттарды педагогикалык-филологиялык ыктарга, машыгууларга көндүмдөргө гана багыттабастан, педагогикалык-филологдук кесипке таандык сапаттарын калыптандырууга, өнүктүрүүгө; кесипке болгон кызыгуусун арттырууга, өз алдынча педагогикалык-филологиялык багытта билим алуу керектөөсүн канааттандырууга жана изденүүчүлүк-үйрөнүүчүлүк мамилесин иштеп чыгууга багыттайт, же педагогдук-филологдук кесиптен иренжитип, аны таштап кетүүгө аргасыз кылат. Адаптациялык-педагогикалык практика учурунда студент-практиканттар менен мектеп жамаатынын өз ара түзгөн карым-катнашынын негизинде студент-практиканттардын адистикти аркалап кетүүсүндө, билиминде жана иш - аракетинде терең из калтырган өзгөрүүлөр болору тажрыйбалардан маалым.

**Адаптациялык-педагогикалык практиканын деңгээли** студент-практиканттардын колдонгон үйрөнүү стратегиясына жана филолог- насаатчылардын маалымат бере билүү мүмкүнчүлүгүнө көз каранды. Бул эки ресурс бир-бирине дал келсе, практика ийгиликтүү өтөт.

## II. СТУДЕНТ-ПРАКТИКАНТТАРДЫН ҮЙРӨНҮҮ ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЫКМАЛАРЫ

Адаптациялык-педагогикалык практикада студент-практиканттар болочок мугалимдик кесиптин сырларын үйрөнөт. Үйрөнүү умтулуудан келип чыгат, ал үчүн студент - практиканттын жан дүйнөсүнөн каалоо жаралса, бирок аракеттенүү



илгерилөөсүн камсыз кылуу үчүн окуучулар менен адилет жана нейтралдуу мамиледе болуу, жаңылыш жана туура эмес аракеттерге оозеки билдирүү жасоо, туура аракеттерди колдоо, маанисиз (окуучулардын баарына таасир берүүчү) аракеттерге тез жана адилет кийлигишүү, окуучулар менен кызматташтык мамилени түзүү, окуучулардын бири-биринин пикирин маданияттуу түрдө четке кагып, же илбериңки кабылдоого үйрөтүү, шылдыңдоочу, мазактоочу сөздөрдү колдонгондорду тартипке чакыруу, чектен чыккан тентек окуучуларга сабырдуулук менен мамиле кылуу, сабак убактысын туура пайдалануу, үйрөнүлүүчү тема боюнча мугалимдин терең билимдүүлүгү, сабакка тиешеси жок маселелерге кайрылбоо ж.б. ;

6. Окуучулардын жаңы сабактан алган билимдерин бышыктоого жана аны колдонууга убакыт болдубу? Бул жаңы өздөштүргөн билимдин натыйжасын көрүү, сабактын башталышындагы күтүлгөндөрдүн (каалагандардын) аткарылышындагы кубанычтуу, же өкүнүчтүү сезимдер ;
7. Үйрөнүлгөн нерселерди сыноодон өткөрдүбү? Бул сабактан күтүлгөн натыйжалардын негизинде түзүлгөн тапшырмаларга, суроолорго окуучулардын жоопторун билүү жана угуу. Окуучунун сабакты жогорку деңгээлде өздөштүрүүсүн мугалим каалайт, ал үчүн окуучунун алсыз жана катачылык жактарын белгилебестен, кымындай мыкты жагы болсо, ошого басым жасап, өжөрлөнө аны өнүктүрүүгө тынымсыз көңүл буруу.

## АДАПТАЦИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫ ЖЫЙЫНТЫКТОО БОЮНЧА КОНФЕРЕНЦИЯ

Практика аяктаган соң бир жума аралыгында жыйынтыктоочу конференция уюштурулат. **Конференцияны өткөрүүнүн максаты:** практиканын жыйынтыгын чыгаруу, баалоо, мындан ары практиканы жакшыртуу боюнча сунуш, пикирлерди угуу, талкуулоо, тиешелүү документациялык иш кагаздарын кабыл алуу.

1. Мугалим окуучулардын кызыгуусун ойгото алдыбы, аны сабактын аягына чейин көзөмөлүнөн чыгарбадыбы? Бул окуучулардын өтүлүүчү тема менен байланышкан мурдагы тажрыйбаларын жана маалыматтарын жаңы өздөштүрүлүүчү маалыматтар менен байланыштыруу дегендик, б. а. мугалимдин сабакты белгилүүдөн белгисиздикке карай башташы. Мисалы, үйрөнүлүүчү тема: «Алтын куш» жомогу. Силер алтын куш эмне экенин билесиңерби, ал тууралуу уккан же көргөн, же окуганыңар тууралуу айтып бере аласыңарбы?
2. Окуучулардын ой жүгүртүүсүнө шарт түздүбү? Эгер шарт түзсө, окуучулардын ойлонуусуна убакыт бөлдүбү? Окуучулардын баарын дискуссияга катыштыра алдыбы? Бул жаңы өтүлүүчү материалды түшүндүргөнгө чейин сабакта окуучулардын аракеттерин (чечим чыгарууга, проблемалык абалдарды изилдөөгө багыттоочу) билдире турган суроолорду берүү. Мисалы, үйрөнүлүүчү жомокто кандай окуялар, кандай каармандар катышат деген ойдосуңар? Бул жомоктун силердин турмушуңардагы маанилүүлүгү тууралуу ой жүгүртүп көргүлө ж.б.
3. Сабакка ылайыктуу окуу каражаттарын (көрүүчү, угуучу ж.б.) колдоно алдыбы? Эгер колдонсо аларды натыйжалуу пайдалана алдыбы?
4. Окуучулар менен натыйжалуу байланыш түзө алдыбы? Бул сабактын максатын жана андан күтүлүүчү натыйжаларды ачык, так, түшүнүктүү кылып баяндап бере алуу, ошондой эле үйрөнүлүүчү материалды окуучулар жаңылыш түшүнгөндө, аларды кабардар кылуу (мисалы, текстти дагы бир жолу кылдат окуп чыккыла ж.б.), сабактын башталышында кайсы окуучунун божомолдогону туура чыкты, окуучулардын өздөрү бири-биринин жөндөмдүүлүктөрүнө, тапкычтыгына баа берүүсүнө жардамчы болуу, оозеки баяндамасынын логикалык жактан байланыштуу, жеткиликтүү болушу;
5. Окуучуларды башкара алдыбы? Окуучулар арасындагы мамилелерди чечүүгө мүмкүнчүлүгү жеттиби? Класстагы ишмердүүлүктөрдүн түрдүү жана ылайыктуу ылдамдыкта



болбосо, үйрөнө албайт. Ушул себептен ЖОЖ, мектеп жана насаатчылар алардын кызыгуусуна жардамчы болуу үчүн студент-практиканттын каалоосунан натыйжа чыга тургандай ишмердүүлүктөргө мүмкүнчүлүк түзүүсү зарыл.

Ийгилик – бул түрткү (стимулятор) берүүчү таасирдүү күч. Студент-практиканттарды колдоого жана мактоого алганда, алардын үйрөнүүсү оңой болот, эгер жазаласа, анда ийгиликке жетпей калаары шексиз. Кызыгуу-үйрөнүүгө шык берүүдөгү маанилүү бир элемент. Студент-практиканттар өздөштүрүп жаткан нерселеринин пайдалуулугун түшүнгөн учурда кызыгуу дагы да артат, демек өздөрү үчүн маанилүү болгон нерселерди аң-сезимдүү түрдө тез жана мыкты аткарат.

Үйрөнүү жөндөмгө таянат. Студент-практиканттардын ой жүгүртүүсү, билими, тажрыйбасы жана адамдык сапаты жагынан алганда бири-биринен айырмаланышат. Айырмачылыктар көп түрдүү (акыл,физикалык бышып жетилүү, жөндөм ж.б.) психологиялык абалдарды жаратат. Натыйжада ар бир студент-практикант бир түрдүү түрткүгө ар түрдүү реакцияларды (оң жана терс) көрсөтөт, ошондуктан практикада насаатчылар ар түрдүүлүктү сыйлап, мокотпой, жүдөтпөй жардамга келиши зарыл.

Сезимдердеги чыңалуунун (өзүн ыңгайсыз сезүү) жок болушу да үйрөнүүнүн натыйжалуулугун арттырат. Студент-практиканттардын чыңалуусун азайтуу үчүн мектеп жамааты, насаатчылар жолдош, боордош катары мамиле кылып, студент-практиканттардын практиканы ийгиликтүү өткөрүүсүнө ишеним көрсөтүп, ынандырып, ал кандай болсо ошондой кабылдап, ага ишеничтүү чөйрө жаратыш керек.

Үйрөнүү түздөн-түз студент-практиканттардын тажрыйбасына жана анын жыйындысына таянат. Мисалы, студент-практиканттар мугалимдикке киришкенде мектепте жана ЖОЖдо окуткан мугалимдеринин иш- аракетин, көргөндөрүн, уккандарын, билгендерин көз алдына келтирип, талдоо жүргүзө баштайт.

Насаатчылар маселенин чечилишинде студент-практиканттарга керектүү маалыматтарды табуу, аны талдоо жана корутундулоого багыт берүүчү, көмөк көрсөтүүчү болуп, түр-

дүү варианттарда ой жүгүртүү жолдорун аныктоосуна мүмкүнчүлүк түзүүсү зарыл.

Студент-практиканттардын үйрөнүү ишмердигине насаатчылардын кайтарым байланышы (реакциясы) алардын эмнелерди үйрөнүп жана аны кандай деңгээлде жасай ала турганын аныктоону камсыз кыла турган маалымат катары каралыш керек. Бул кайтарым байланыштын түпкү максаты студент-практиканттарды шыктандырууда жатат. Студент-практиканттар үйрөнүүдө өздөрү байкашкан алга жылуу багытындагы маалыматка ээ болушканда, үйрөнүүнүн натыйжалуулугу жогорулайт. Мугалимдин кайтарым байланышы студент-практиканттардын үйрөнүү аракетинин артынан дароо берилгени таасирлүү болот.

Насаатчылар студент-практиканттардын мугалимдик кесиптин сырларын мыкты өздөштүрүүсүн каалайт, бул үчүн мугалимдик кесиптин ээси болуунун (М.: студент-практиканттарга балыкты кармап бербестен, аны кантип кармоонун) жолун үйрөтүшү керек. Мисалы, мыкты мугалим болуш үчүн эмнени жасаш керек, аны кантип жасаш керек, натыйжадагы өнүм кандай болуш керектигин (эмне үчүн жасаш керек) көрсөтөт, студент-практиканттар каталарын өз учурунда баамдап. аларды түзөтүүгө киришет.

## 1. АДАПТАЦИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫ УЮШТУРУУ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ

**I. Адаптациялык-педагогикалык практикага чейинки иш- аракеттер:**

1. Адаптациялык-педагогикалык практикага чейин студент-практиканттар 2-курстун 3-семестринде педагогика предметинен 80 саат аудиториялык, 70 саат өз алдынча иш, ал эми психология предметинен да ушундай эле көлөмдөгү сабак окушуп, сынактан өтүшөт. Кыргыз тилинен: тил илимине киришүү, кыргыз тилинин практикуму, кыргыз тили, фонетика, орфография, лексикология, фразеология, кыргыз тилинин тарыхы жана байыркы түрк жазма эстеликтери; кыргыз адабиятынан: Манас таануу, адабият таанууга киришүү,



10. Биринчи жыйналышта ата-энелер комитетин жана анын туруктуу мүчөлөрүн шайлагыла (сөзсүз алардын өз эрктери менен).

## НАСААТЧЫЛАРДЫН САБАКТАРЫНА КАТЫШУУ ЖАНА АНЫ ТАЛДООГО КЕҢЕШТЕР

1. Адаптациялык-педагогикалык практикада адистигиңер боюнча сабак өтпөйсүңөр, бирок насаатчылардын (ЖОЖдун жана мектептин), башка мугалимдердин сабактарына катышасыңар, бул силердин педагогикалык практикада сабак өтүүгө карата тажрыйба топтоо экенин унутпагыла;
2. Башка мугалимдердин сабагына кирүүдө окуу иштери боюнча мүдүрдүн орун басарынан, методикалык бирикменин жетекчисинен кызыктуу, мыкты сабак өткөндөрдөн кимдердин сабагына кирсем болот деп сурагыла;
3. Силер сабагына кирем деген мугалим менен сүйлөшкүлө, сабагына катышуу үчүн макулдугун алгыла;
4. Сабакка катышуу менен тек гана байкоочу болбостон, «Өз ара сабакка катышуу» дептериңерге силерди кубанткан жана өкүндүргөн учурларды жазып алгыла, кийин өз сабагыңарда колдонсоңор болот;
5. Катышкан сабагыңардагы ийгиликтерге, же кемчиликтерге, мугалимдин этикасы тууралуу мугалимдин өзүнө, же кимдир бирөөгө айтууга укугуңар жок, анткени студент-практиканттар сабакка насаатчы катары эмес, байкоочу-үйрөнүүчү катары катышышат, сабактан алган таасирлерди (оң, терс) сыр катары сактайт, өзү үчүн талдайт жана корутунду чыгарат.

## НАСААТЧЫЛАРДЫН СТУДЕНТ-ПРАКТИКАНТТАРГА НУСКАМАЛАРЫ

Сабактарга катышкан учуруңарда төмөнкү көрүнүштөргө көңүлүңөрдү бургула жана алар тууралуу «Өз ара сабакка катышуу» дептериңерге кыскача баяндама жазгыла.

## АТА-ЭНЕЛЕР ЖЫЙНАЛЫШЫН ӨТКӨРҮҮГӨ КЕҢЕШТЕР:

1. Ата-энелер чогулушу окуучулардын үй-бүлөсү менен байланыштыруунун жана ата-энелер арасында педагогикалык билимди үгүттөөнүн негизги формаларынын бири экенин билгиле;
2. Ата-энелер менен өткөрүлгөн № 1 жыйналыш балдарын силерге ишенип тапшыргандар менен таанышуу, өз ара ишенүү жана байланышуу жолдорун түзүү экенин түшүнгүлө;
3. Ар бир жыйналыш өз мезгилинде, пайдалуу, мазмундуу өтүш үчүн ага дыкаттык менен даярдануу зарылдыгын сезгиле, балдар үчүн реалдуу жасоого мүмкүн болгон нерселерди айткыла;
4. Ата-энелер менен баарлашууда көрсөтмө, буйруктарды берчү чиновниктин формалдуу отчётуна окшоштурбагыла, ата-энелердин кимдир бирөөсүнө өзгөчөлөп мамиле жасап, кимдир бирөөсүнө көңүл бурбай койбогула;
5. Балдарынын ийгиликтерин, маанайларын, аракеттерин көбүртүп-жабыртып мактабагыла, жетишпеген окуучуну жамандабагыла, маалыматтар менен тааныштырууну акылэстүүлүк менен жүргүзгүлө;
6. Ата-энелер тууралуу кеңири маалыматтарга ээ болгула, даректерин так алгыла, байланышып туруу үчүн телефондоруңарды алмашкыла ;
7. Жыйналышта конфликтүү, же көйгөйлүү кырдаалдарга чечим чыгаруу, же чечимдерди издөө формасында, ата-энелерге бул кырдаалдардын атын атап, же китептен алып, же ойлоп таап сунуштоо менен өткөргүлө;
8. Биринчи жыйналышта мүмкүнчүлүктүн жетишинче окуучулар тууралуу маалыматтарды (ден соолугу, дефектиси, өнөкөт оорусу, кызыгуусу ж.б.) топтоого аракеттенгиле;
9. Ата-энелер менен байланышуу жана алардын жыйналышка катышуусу тууралуу дептер уюштургула, силердин маалыматыңар менен кайсы ата-эне таанышып жатканын билүү үчүн керек;



кыргыз адабиятынын практикуму, кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы жана маданиятынын тарыхы предметтерин окушуп, сынактарды тапшырышат. Бирок кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун усулу курсун 3-курстун 5-семестринен окуй баштагандыктан, окутуунун усулдарынан маалыматтары болбойт. Ушул маалыматтарды мектеп насаатчысы билбегендиктен, кээ бирде студент-практикантка өз алдынча сабак өткөрткөн учурлары кездешип келатат.

## 2. СТУДЕНТ-ПРАКТИКАНТТАР ПРАКТИКА БАШТАЛГАНГА ЧЕЙИН ОКУП-ТҮШҮНҮП, ЖАТТАП, КЫРДААЛГА ЖАРАША КОЛДОНУШУ ЫЛАЙЫКТУУ:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана Кыргыз Республикасынын символикаларын;
2. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү тууралуу» мыйзамын, «Мугалимдин статусу» тууралуу ж.б. окуучуларга билим берүү жана тарбиялоо боюнча нормативдик укуктук иш кагаздарын;
3. “Кыргызстан мугалиминин антын” (2004. 04. 10.), «Кыргызстандын мектеп мугалимдеринин Ар-намыс кодексин»; “Кыргыз тилинин” гимнин, «Манас» гимнин;
4. “Кыргызстандын мектеп мугалимдеринин этикалык принциптерин», мугалимдерге коюлуучу инсандык жана адистик сапаттарды;
5. Кыргыз тили жана кыргыз адабияты мугалимине коюлуучу кесиптик талаптарды ж.б.

## 3. КЫРГЫЗСТАН МУГАЛИМИНИН АНТЫ

Мен … Кыргыз Республикасынын мугалими катары:

- улутубуздун эзелтеден мурас болуп келаткан уңгулуу урпак тарбиясынын учугун татыктуу улантууга;
- улуу Манас бабабыздын осуяттарын жаш муундардын аруу жүрөктөрүнө жеткирип, элибиздин биримдиги менен бакубаттуулугун, мамлекетибиздин көз карандысыздыгы менен бүтүндүгүн коргогон патриот уул-кыздарды тарбия-

лап өстүрүүгө жана аларга жеке үлгү болууга;

- даанышман бабаларыбыздын акыл-ой мурастарын, элибиздин жан дүйнөсүн ээлеген ыйык ата салттарын касиеттүү Ала-Тообуздун келечек ээлерине көөнөртпөй жеткирүүгө,
- эне тилибиз менен Ата Мекенибиздин намысына жараган, аларды өнөр-билими менен дүйнөгө таанытып, интеллекти бийик, руху терең инсандарды мектеп партасында калыптандырууга бүткүл акыл-сезимим менен адал эмгегимди жумшоого;
- элибиздин гүлдөп өскөн тынч күндөрүндө да, башына кыйынчылык түшкөн оор күндөрдө да аны адал ниет менен сүйүүгө жана ага ак дилден кызмат кылууга

**А Н Т   Б Е Р Е М И Н !**

(Ант 2004-жылдын 4-октябрында КРнын мугалимдеринин кесиптик майрам күнүндө Ала-Тоо аянтында өткөн салтанатта окулган. Антты иштеп чыккан – Сулайман Рысбаев – педагогика илимдеринин доктору, профессор, академик)

## 4. КЫРГЫЗСТАНДЫН МЕКТЕП МУГАЛИМДЕРИНИН АР-НАМЫС КОДЕКСИ

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясын, улуттук символдору: Гербди, Гимнди жана Тууну таануу жана аларды сыйлоо;
2. Ата Журтумдун атуулу катары мекенимди чексиз сүйүү, анын алдында өз милдетимди аткаруу, улуулардын мурастарын ар-намыстуу сактоо жана алардын жолун татыктуу улантуу;
3. Эне тилимди, ата салтымды жана ата мурастарымды билүү, аларды сыйлоо, урматтап сактоо менен урпактарга татыктуу өткөрүп берүү жана өлкөдө жашап жаткан башка улуттардын да тили менен салтын урматтоо;
4. Кыргыз Республикасынын атуулу катары Конституциялык укуктарымды коргоо менен бирге, милдеттерим менен жоопкерчилигимди да сезе билүү;



7. Класстан кимдир бирөөнү бөлүп алып, көп убактыңарды ага кетирип отурсаңар бош отуруп калган окуучулардын ортосунда ар кандай оңтойсуз көрүнүштөр чыгарын эсиңерге туткула;
8. Тарбиялык сабактагы жайбаракаттык, узакка созулган тынымдар сабактын душманы экенин унутпагыла, бир да окуучуну көз жаздымда калтырбай, тегиз тапшырмаларды берип, ишке тарткыла,;
9. Сабактын ыргагын атайылап бузууга аракеттенген балдарга өзгөчө көңүл бургула, тентектенип жатса, көрмөксөн болгон таризде болгула, бирок сабагыңарга кызыктыруунун ыкмаларын табууга аракет жасагыла (кыйкырбай, урушпай, жагынбай), анын оң сапаттарын илгиртпей көрүп, байкатпай мактап тургула;
10. Класстагы чыр-чатактарды өз учурунда байкап, адилеттүүлүк менен чечим чыгарууга окуучуларды үйрөткүлө, чыр-чатактын себепкери катары күнөөлүүнү жектеп-кектебегиле;
11. Окуучуларды бири-бири менен салыштырбагыла (сен жакшы, сен жаман ж.б.;
12. Окуучу тартип бузар менен аны суракка алып, талкуулабагыла, убакыт өткөрүп, ал окуучу жөнүндө эмес, ошондой жорук жасаган бала тууралуу окуяны айтып бергиле, күнөөлүү окуучу айттырбай эле өзү түшүнүп аларын билгиле;
13. Окуучунун ар-намысына тийбегиле, окуучулар менен бирге класстык эрежелерди иштеп чыгып, класстын бурчуна илип койгула;
14. Класс активдери менен (староста, окуу сектору, маданий массалык сектор ж.б.) тыгыз иштешкиле, алардын милдеттерин кантип аткарып жатканына көңүл бургула;
15. Окуучунун күндөлүгү маанилүү документ, анда сабактардын жүгүртмөсү эле эмес, үй тапшырмалары, окуучунун жетишүүсү, катышуусу чагылдырылып тургандыктан, ата-энеге да, окуучуга да керектүү экенин түшүнгүлө жана жума сайын текшерип, өзүңөрдүн каалооңорду жазып тургула.

лиого жайгаштыргыла, окугула, практикаңарда сынап, педагогикалык көндүмдөрдү калыптагыла, максатыңарга жеткенде токтоп калбагыла, тынымсыз алга умтулгула;
4. Педагогикалык күндөлүк, рефлекциялык дептер уюштургула, ага практикада керeги тийчү маанилүү, таң калтыра турган кызыктуу фактыларды баяндап жазып жүргүлө;
5. Предмет боюнча мамлекеттик стандартты, программаларды, окуу китептерди талдоодон жана аларды түзөтүү, жакшыртуу үчүн сунуш киийрүүдөн коркпогула;
6. Календардык-тематикалык пландарды дептерге эмес, А-4 баракка жазгыла, оңдоп, түзөтүүлөрдү киргизип турганга ыңгайлуу

## КЛАССТЫ БАШКАРЫП, ОКУУЧУЛАР МЕНЕН ИШТӨӨГӨ КАРАТА КЕҢЕШТЕР:

1. Жоопкерчиликтүү жүрүм-турумга байланыштуу мектептин стратегиялары жана процедуралары менен таанышкыла;
2. Класстагы окуучулардын өздүк делолору менен таанышкыла, окуучуларга жазылган класс жетекчинин мүнөздөмөлөрүн кылдат окуп чыккыла, талдоо жүргүзгүлө;
3. Тартипти, окуучулардын жүрүм-турум эрежелерин бузган окуучулардын аты-жөнүн, билимин, кызыгуусун, социалдык абалын, ага жазалоонун кандай чаралары колдонулганын алдын ала билгиле, алган маалыматтарыңарды аларга (эч кимге) жарыялабагыла;
4. Класстагы окуучулар менен жолугушканыңарда «тартип бузуучу» аталган окуучуларга тымызын байкоо жүргүзгүлө, аларга сездирбегиле;
5. Класстагы тартипсиздикти жөнгө сала албасаңар тарбия иштери боюнча мүдүрдүн орун басарына, же класс жетекчиге кайрылгыла;
6. Тарбиялык сабактарыңардын, окуучулар менен аңгемелешүүлөрүңөрдүн ордун темалары актуалдуу, турмуш менен байланышы бекем, окуучунун кызыгуусуна дал келген болсо, тартип боюнча көйгөй чыкпасын унутпагыла;



5. Ата-бабамдан келаткан элдик педагогдук парзымды татыктуу аткаруу менен, эч качан утурумдук саясий агымдарга азгырылбоо жана таалим-тарбия берген окуучуларымды Ата Журттун ар-намыстуу патриот атуулу болууга үндөө;
6. Сабырдуу болуу, башка улуттардын өкүлдөрүнүн динине, дилине жана көз караштарына токтоолук менен мамиле жасоо;
7. Мезгилдин, коомдун талаптары менен анын өнүгүүсүнөн артта калбоо, иште жана жашоодо өлкөбүздүн демократиялык принциптеринен тайбоо;
8. Ата Мекендин кооз табиятын, экологиясын коргой билүү жана бизден кийинки муундарга таза өткөрүп берүү;
9. Ар дайым Ата Мекендин татыктуу патриот атуулу болууну эсимден чыгарбай, анын гүлдөп өсүшүнө өзүмдүн ак эмгегим жана билимим менен кызмат кылуу;
10. Эмгекте жана коомдук түрдүү шарттарда ар-намыстуу, акыл-эстүү болуп, ойлонулбаган жаңылыш кадамдарга барбоо;
11. Өзүмө кандай жакшы нерселерди каалаcам, өзгөлөргө да дал ошондой жакшылык кылып, ак ниеттүү болуу;
12. Өзүмдүн жүрүм-турумума, өздүк турмушума жана коомдук жайларда да жоопкерчиликтүү жана сынчыл мамиледе болуу;
13. Жаш муундарга билим-тарбия берип жаткан мектебимди, бирге иштешкен кесиптештеримди сыйлап, окуучуларым менен алардын ата-энелеринин алдында уят болбоо жана аларга дайым үлгү болуу;
14. Өзүмдүн интеллектим менен билимимди, кесиптик чеберчилигимди күн сайын өнүктүрө билүү, чыгармачылык жөндөмүмдү арттыруу менен мезгилдин талабынан артта калбоо;
15. Педагогдук ишимде жана коомдук турмушта менден мыктылар менен теңеле билүү жана менден кийинкилерге жардам берип, алга сүрөөнү – ар дайым менин ыйык парзым деп эсептеймин.

## 5. МУГАЛИМДЕРГЕ КОЮЛУУЧУ ИНСАНДЫК ЖАНА АДИСТИК САПАТТАР

**А) ИНСАНДЫК САПАТТАР:**

- Мекенчилдик. эне тилин сүйүүчүлүк, ички дүйнөнүн тазалыгы, акыл-эстүүлүк, адептүүлүк, ыймандуулук, адамгерчиликтүүлүк, адилеттүүлүк, калыстык, мээримдүүлүк, маданияттуулук, сабырдуулук (толеранттуулук), туруктуулук, ийкемдүүлүк, чынчылдык, эрктүүлүк, гумандуулук;

**Б) АДИСТИК САПАТТАР:**

- Кесиптик терең билим, адистик чеберчилик, өз ишине берилгендик, педагогдук жоопкерчилик, мугалимдик чынчылдык, окуучуга болгон камкордук, окуучу менен тилектештик, окуучуга болгон улуулук милдет, жигердүүлүк (активдүүлүк), түшүнүктүүлүк, билгиликтүүлүк, изилдөөчүлүк, изденүүчүлүк, билимин туруктуу өркүндөтүүчүлүк, мамилешүүчүлүк, уюштуруучулук. Лидерлик, насаатчылык, башкаруучулук, тарбиялоочулук, этнопедагогикалык билим ж.б.

## 6. КЫРГЫЗ ТИЛИ МУГАЛИМИ КЕСИП ЭЭСИ КАТАРЫ ЭМНЕЛЕРГЕ МИЛДЕТТҮҮ?

- кыргыз тили мугалими, адегенде өзү эне тилин сүйө билүүгө, анын өнүгүп-өсүп келаткан жолун, эзелки тарыхын билип, эми аны өзүнөн кийинки урпактарга таза сактап өткөрүп берүү—менин милдетим деп эсептөөгө;
- инсан жана кесип ээси катары эне тилинин беделин көтөрүүгө, эне тилинде таза, так, туура сүйлөп, анын үлгүсүн башкаларга көрсөтө билүүгө;
- сөздүн табиятын, сөздүн кудуретин билип, эне тилинде таза сүйлөөгө жана жазуу маданиятына ээ болууга;
- эне тилинде жаралып, ушул күнгө чейин сакталып келген эл адабиятын билүү, анын эл таанытуучулук таалими менен тарбиялык ролун жаңы муундарга жеткирүүгө;



ралашып тургула. Ал жерде мугалимдер үчүн кошумча адабияттар, алардын тизмелери, сабак үчүн аудио, видеоматериалдар, CD, DVD дисктер, мугалимдердин мыкты деп бааланган сабактарынын иштелмелери тиркелген портфолиолор (папкалар) бар, ошолорду усулдук бирикменин башчысынын уруксаты менен таанышсаңар болот;
6. Кыргыз тили жана адабияты үчүн атайын түзүлгөн жана жасалгаланган каанада да тез-тез болгула, ал жерде да силерге керектүү адабияттар, материалдар көп болот. Кабинетке жооптуу мугалимдин уруксатысыз өзүңөр каалаган нерселерди албагыла;
7. Эгер сыркоолоп калсаңар, мектеп жетекчилигине 5 сааттын аралыгында билдиргиле.

## СТУДЕНТ-ПРАКТИКАНТ ЖАНА БАРДЫК МУГАЛИМДЕР ЖАМААТЫНА ТЫЮУ САЛЫНАТ:

1. Өзүңөр каалагандай сабактардын жүгүртмөлөрүн өзгөртүүгө;
2. Мектеп жетекчилеринин уруксатысыз кесиптештериңердин ордуна сабак өтүүгө;
3. Танапистин жана сабактын убактысын жылдырууга, узартууга же кыскартууга;
4. Окуучуларды сабактан чыгарып жиберүүгө;
5. Окуу имаратында жана мектептин аймагында тамеки чегүүгө.

## ОКУУ-ПРОЦЕССИН ТУУРА УЮШТУРУУГА КӨМӨКТӨШҮҮЧҮ КЕҢЕШТЕР:

1. Өзүңөрдүн квалификацияңарды жогорулатуу үчүн бардык билимиңерди пайдалангыла, чымыркanып эмгектенгиле ;
2. Администрациянын жана кесиптештердин сунуштарын сабырдуулук жана акылмандуулук менен кабыл алгыла;
3. Пайдалуу маалыматтарды издегиле, чогулткула, портфо-

## III. АДАПТАЦИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКА МЕЗГИЛИНДЕ АТКАРЫЛУУЧУ ЖУМУШТАР

## СТУДЕНТ-ПРАКТИКАНТ ЭСИНЕ ТУТУУГА МИЛДЕТТҮҮ:

1. Мектеп жетекчилерине өзүңөр тууралуу кыскача маалымат бергиле, алардын силерге койгон талаптарын (ички, тышкы эрежелерди) кунт коюп уккула, эмнеге муктаж экениңерди тартынбай билдиргиле, алар силерге практиканы өтүшүңөргө уруксат берет жана силер менен иштешкиси келет, анткени силерди эртеңки биздин ордубузду басуучу муундар, кесиптештер деп эсептешет, ошондуктан дайыма жардам көрсөтүүгө дилгир болушат;
2. Мектептин насаатчылары менен жакшы мамиледе болгула, алар силердин педагогдук көндүмдөргө ээ болушуңарга жакындан жардам көрсөтүшөт, өздөрүнүн мыкты сабактарына катыштырып, билгендерин алдыңарга төгүшөт, бүткүл тажрыйбасындагы натыйжалуу деп эсептеген ыкмаларын үйрөтүшөт. Алар менен иштешүүдө өзүңөрдүн ишмердигиңердеги кайсы бир көйгөйлөргө көңүлдөрүн бургула. Алардын кеңештери мугалимдик кесипти натыйжалуу өздөштүрүшүңөргө көмөк көрсөтөт;
3. Мектептеги улуу муундагы адис мугалимдер менен да тааныш болгула, алардын иш тажрыйбасы мол жана бош убактылары көп, портфолиолору усулдук материалдарга бай, силер таппай жүргөн китептерди табууга жардам беришет. Насаатчылар, улуу муундагы мугалимдер менен иштешкенде, бүт бойдон аларды тууроодон алыс болгула. Алардын тажрыйбасынан силерге жаккан, ылайыктуу деп эсептегениңерди гана пайдалангыла;
4. Китепканачы менен да тыгыз байланышта болгула, алар китептерге кызыккан окурмандарды жактырышат, анан да окуучулардын, мугалимдердин арасында өзүңөрдү ишенимдүү сезишиңер үчүн дайыма өсүү үстүндө болушуңарды унутпагыла;
5. Усулканада усулдук бирикменен жетекчиси менен да баа-



- тил илими менен адабияттын теориялык негиздерин, азыркы өнүгүүсүн, башка тилдер менен адабий процесстеги ордун, анын келечектүү багыттарын терең өздөштүрүүгө;
- сабакта балдардын өздөштүрүүсү үчүн зарыл болгон принциптерди, ыкмалар менен методдорду ийкемдүү колдоно билип, билим менен тарбияны айкалыштырып жүргүзө алууга,
- өз окуучуларына тилдин эрежелерин гана жаттатпай, эне тилинде таза, так, туура, маданияттуу, мазмундуу сүйлөп жана жаза билүүгө көнүктүрүүгө,
- сабакты уюштуруу учурунда, түрлөрү менен типтерин, заманбап формаларын, билимди өздөштүрүү мерчемдерин так баамдап билүүгө;
- сабакта окуучу үйрөнүп жаткан тилдик жана адабий материалдардын баланын турмушунда керектүүлүгүн сездирүүгө жана аны колдоно билүүгө машыктырууга, ага жараша окуучудан туура талап кыла билүүгө;
- сабактын максатын так коюу, ошого ылайык аны максаттуу машыктыруу, үйрөнгөнүн чыгармачылык менен өздөштүрүүгө багыттоо жана баланын чыгармачылыгын ойготууга, аны өркүндөтүү жолун көрсөтүүгө;
- эне тилинде таза, көрктүү жана көркөм окуунун үлгүсүн окуучуга көрсөтө билүүгө, өзү жасай албаганды окуучудан талап кылуусу – кесиптик маданиятсыздык экенин сезүүгө;
- сабакта татаал талдоолорду жүргүзүүдө жана аларды чечүүдө, андан туура жыйынтык чыгара билүүдө окуучунун алдында кесиптик чеберчилигин көрсөтө билип, ишенимге ээ болууга;
- мугалим окуу-тарбия иштерин жүргүзүүдө катуу тартип менен эмес, окуучу менен биргеликте, аларга адеп-ыймандуу жана кесиптик өнөрдү үйрөтүү менен бирге иш жүргүзүүгө;
- окуучуга мугалимдик кесип өнөрүнүн маани-маңызын сездирип, анын сыймыктуулугун, тазалыгын, ыйыктыгын, улуту менен мамлекеттин келечеги үчүн жоопкерчилигин жана ал кесиптин түбөлүктүүлүгүн сездирүүгө, ага өз өмүрүнүн мисалында далилдей билүүгө милдеттүү

## 7. КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ МУГАЛИМИ КЕСИП ЭЭСИ КАТАРЫ ЭМНЕЛЕРГЕ МИЛДЕТТҮҮ?

- Кыргыз Республикасынын кыргыз адабияты боюнча орто билим берүү стандартын, окуу программаларын, окуу китептерин жана усулдук колдонмолор менен тааныш болууга, алардын ортосундагы байланышты аныктоого, өз практикасында колдоно билүүгө;
- кыргыз адабияты курсу боюнча ЖОЖдон алган билимдерин өз тажрыйбасында толук пайдаланууга жана билимин андан ары өркүндөтүүнүн үстүндө талыкпай эмгектенүүгө;
- кыргыз адабиятынын түр, тек, жанрларынын спецификалык өзгөчөлүктөрүн так билүүгө, ошого ылайык окутуунун технологияларын, жолдорун, усул-ыкмаларын, сабактын формаларын тандай алууга;
- мектептеги насаатчылардын сабактарына байкоо жүргүзүүгө, өз алдынча талдоо жүргүзүү көндүмдөрүнө ээ болууга;
- окуу материалын берүүдө анын пландаштырылышын кароо, календардык план, күндөлүк сабактын план-иштелмесинин структуралык түзүлүшүн мыкты өздөштүрүүгө;
- окутуунун натыйжалуулугун арттырган жана сабактын максатына дал келген окутуу стратегияларын, каражаттарын өз алдынча тандай алууга, сабакта колдонулган усулыкмаларды башка предметтер менен интеграциялоонун жолдорун билүүгө;
- адабият сабагында окуучулардын оозеки жана жазуу кебин өстүрүүгө өзгөчө көңүл бурууга, окуучуларды көркөм окуунун ык-машыгууларына ээ кылууга;
- окутуу жараянына кирип жаткан жаңылыктар, окутуунун инновациялык технологиялары менен тааныш болууга, аларды үйрөнүүгө өзүнүн ишмердүүлүгүндө пайдаланууга;
- окуучунун билимин баалоонун (диагноздоочу, калыптандыруучу, жыйынтыктоочу) ар кыл ыкмаларын, формаларын колдонууга;
- окуучулардын жетишкендиктерин каттайт жана анын үстүндө иштөөнүн натыйжалуу ыкмаларын колдонууга сунуш берүүгө;



| | | | |
|---|---|---|---|
| **3-жума** | ЖОЖдун адис окутуучусунун сабагына катышуу | 1. Кыргыз тили сабагына катышуу жана кыргыз тили боюнча студент-практикант менен аңгемелешүү | 13-күн |
| | ЖОЖдун адис окутуучусунун сабагына катышуу | 1. Кыргыз адабияты сабагына катышуу жана кыргыз адабияты боюнча студент-практикант менен аңгемелешүү | 14-күн |
| | Башка мугалимдердин сабагына катышуу | 1. Ар түрдүү предметтик мугалимдердин сабактарына катышуу жана байкоо, алардын сабактарынан өзү үчүн корутунду чыгаруу | 7-17-күндөрдө |
| | Насаатчылар менен аңгемелешүү (баалоо) | 1. Окуучулардын билимин баалоосу тууралуу насаатчылар менен ой бөлүшүү;<br>2. Баалоонун түрлөрү боюнча өзүнүн түшүнүгүн баяндап жазуу | 16-күн |
| | Мугалимдердин кеңешме жана жыйналыштарына катышуу | 1. Мектеп кеңешмелеринин өткөрүлүү тартиби, протоколдору менен таанышуу | 17-күн |
| | Адаптациялык-педагогикалык практиканы жыйынтыктоо | 1. Студент-практиканттардын ишмердүүлүгүн баалоо:<br>2. Студент-практиканттардын өздүк иш кагаздарын ЖОЖдун адис жетекчисине тапшыруу | 18-күн |
| | **Эскертүү:** *Практиканын жүрүшүндө бардык көрсөтүлгөндөргө түзөтүүлөрдү, кошумчаларды, ыңгайлаштырууларды киргизе аласыз.* | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2-жума** | Мектеп насаатчынын сабагына катышуу | 1. Сабактын жүгүртмөсүнөн насаатчынын жана адис мугалимдердин сабактарынын жадыбалын көчүрүп жазуу;<br>2. Насаатчынын сабагына катышуу;<br>3. Сабактын план-иштелмесинин түзүмдөрү менен таанышуу | 7-күн |
| | Катышкан сабактарга талдоо берүүнүн ыкмалары менен таанышуу | 1. Өз ара сабактарга кирүү дептерин уюштуруу жана аны толтурууга киришүү;<br>2. Студент-практиканттар окуучу катары сабакка катышканда, байкагандарын сыр катары сактаарын түшүнүүсү | 8-күн |
| | ЖОЖдун адис окутуучусунун сабагына катышуу | 1. ЖОЖдун окутуучусунун кыргыз тили сабактарын өткөрүү жадыбалы менен таанышуусу, сабагына катышуусу;<br>2. Насаатчылар менен аңгемелешүү (айрым түшүнбөгөн маселелер боюнча) | 8-күн |
| | Ата-энелер жыйналышына катышуу | 1. Ата-энелер менен иштөөнүн жылдык планы менен таанышуу;<br>2. Ата-энелер чогулушунун протоколдору менен таанышуу | 9-күн |
| | ЖОЖдун адис окутуучусунун сабагына катышуусу | 1. ЖОЖдун окутуучусунун кыргыз адабияты сабагына катышуу;<br>2. Насаатчы менен аңгемелешүү | 10-күн |
| | Мектеп насаатчысынын сабагына катышуу | 1. Насаатчы менен аңгемелешүү(студент-практиканттын күмөндөгөн суроолору боюнча)<br>2. Сабак өтүүнүн айрым ыкмаларын үйрөнүү | 11-күн |
| | Класстан тышкаркы иштер менен таанышуу | 1. Ар түрлүү иш чаралардын пландары, сценарийлери ж. б. менен таанышуу;<br>2. Ишембилик ж. б. | 12-күн |



- кыргыз адабияты боюнча класстан тышкаркы иштерди уюштурат жана өткөрөт, бул иш-чараларга сценарий жазууга машыгууга;
- көркөм тексттер менен иштөөнүн түрдүү усул, ыкмаларын (сынчыл окуу, тыным менен окуу, кабарлашып окуу, инсерт, комментарийлүү окуу ж.б.) өздөштүрүүгө;
- кыргыз адабияты сабагында колдонулуучу көрсөтмө куралдарды: таблица, схема, буклет, альбом, слайд ж.б. даярдоого жана окутуунун техникалык каражаттарын: кинофильм, диафильм, CD, DVD, компьютер ж.б. пайдаланууну үйрөнүүгө милдеттүү.

**II. “Даярдык конференцияны” уюштуруу жана өткөрүү**

1. Адаптациялык-педагогикалык практика башталар алдында факультеттин деканаты, адис чыгаруучу кафедра жана педагогика, психология кафедралары менен биргеликте “Даярдык конференциясы” өткөрүлөт. Окуу иштеринин мазмунун адис чыгаруучу кафедралардын мүчөлөрү, ал эми тарбия иштеринин мазмунун педагогика жана психология кафедраларынын окутуучулары аныктап, конференция күнү студент-практиканттарга түшүндүрөт жана таратат.

Студент-практиканттардын кесиптик ар-намысын коргоого, мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги жоболоруна жана башка билим берүү тармагындагы нормативдик иш кагаздарына ылайык окутуу жана тарбиялоо усулун, окуу китептерин, окуу колдонмолорун жана материалдарын, окуучулардын билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн баалоо усулун эркин тандоого, колдонууга жана түзүүгө, кесиптик квалификациясын жогорулатууга укуктуулугу маалымдалат.

Студент-практиканттардын медициналык кароодон өтүшү, мектептерге жолдомолордун толтурулушу, алардын тиешелүү жетекчилер тарабынан тастыкталышы, техникалык коопсуздук, практиканын иш кагаздарынын толтурулушу тууралуу кеңири түшүндүрмөлөр берилет.

**2. Студент-практиканттын жүрүм-турум эрежеси**

Ар бир адам үчүн (айрыкча студент-практикант үчүн) жаңы

жамаатка (мектеп жамаатына) кирүү кооптонууну жаратат, жаңы шарттар, жаңы талаптар ж.б. Студент-практиканттар үчүн алгачкы бир нече күн чечүүчү мааниге ээ болот (анын келечектеги ишиндеги ийгилик, же оңунан чыкпоо). Мектептин тартибине ыңгайлашып, көнүшүп кетүү зарыл. 1-ден, мектептин жашоо ыргагына кошулганда студент-практиканттарды эмоционалдык жүк басат, 2-ден, жаңы насаатчынын, жаңы жетекчиликтин "сапаттык көзөмөлүнөн" өтүүгө туура келет, бул студент-практикантты психологиялык жактан ыңгайсыздыкка кабылтат.

Ошондуктан студент-практиканттар төмөндө көрсөтүлгөн эрежелерди өзүнө калыптандырышы зарыл: тактыкты, кесип талап кылгандай ыңгайлуу жана жарашыктуу кийинүүнү, коммуникативдүүлүктү (жамаатта мурда иштеп жүргөн жана таасири бар, ак пейилдүү адамдар менен таанышуу), өзгөчө кылдаттыкты жана сабырдуулукту, жаркын маанай менен сүйлөшүүнү, тынымсыз эмгектенүүнү, билбегенди суроодон чочулабоону, чыр-чатактардан качууну, көңүлдүү маанайда жүрүүнү ж.б. *(Эскертүү: мындан башка эрежелерди кошуу өзүңүздүн эркиңизде)*

Адис чыгаруучу кафедранын башчысы адаптациялык-педагогикалык практиканын мазмуну менен тааныштырат. Студент-практикант таанып-билгендеринин баарын "Студенттин күндөлүгүнө" жана "Өз алдынча сабактарга катышуу" журналына күн сайын баяндап жазып турат, бирок предметтик мугалимдердин иш-аракеттериндеги ийгиликтерине, кемчиликтерине (сабагына, мугалимдик этикасына ж.б.) бетме-бет келип, баа берүүгө укугу жок, анткени студент-практикант мектеп мугалимдеринин сабагына насаатчы катары эмес, анын окуучусу катары катышат, анын кемчилиги студентте сыр катары сакталат, студент-практикант мугалимдин сабагынын план-иштелмеси менен таанышкан соң, өзү үчүн сабактан корутунду чыгарып алат. Студент-практиканттардын үч жумалык иш планы берилет.

### 3. Студент-практиканттардын 3 жумалык иш планы



| Жума | Пландаштырылган иштер | Аткарылуучу иштин мазмуну | Аткаруу мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1-жума | Мектеп жетекчилиги менен таанышуу (мүдүр, анын орун басарлары ж. б) | 1. Студент-практиканттардын өздүк иш кагаздарын жетекчиликке тааныштыруусу(жолдомо ж. б.); 2. Мектептин нормативдик документтери менен таанышуусу; 3. Мектеп жетекчилеринин кызмат милдеттерин ажыратып билүүсү; 4. Окуу бөлүмүнүн башчысы, МУБ (мектептеги усулдук бирикме) жетекчиси, мектеп насаатчысынын студент-практиканттарга кызмат бөлүштүрүүсү | 1- 2-күн |
| | Мектеп менен таанышуу | 1. Негизги жерлер: администрациянын кабинеттери, окутуучулар каанасы, предметтик кааналар, китепкана, спорт зал, ашкана, медпункт ж. б | 2-3- күн |
| | Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери менен таанышуу | 1. Насаатчы менен аңгемелешүү; 2. Усулдук бирикменин жетекчиси менен; 3. Улуу жана жаш курактагы адис мугалимдер менен; 4. Жалпы жамаат менен. | 4-күн |
| | Класс жетекчи менен таанышуу | 1. Класс жетекчиге жолугуу, класста жүргүзгөн иш кагаздары менен таанышуу (пландары, протоколдору, окуучулардын тизмеси, окуучунун өздүк делолору, класстык журнал ж.б.). | 5-күн |
| | Окуучулар менен таанышуу | 1. Класс жетекчи менен бирге өзүнө бөлүнгөн класстын окуучулары менен аңгемелешүү | 6-күн |